КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРКЫРА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
КАРКЫРА

Каркыра айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 10-сессиясы

**Т О К Т О М**

**18. 04. 2024 № 101** **Талды-Суу айылы.**

## Айыл чарба техникаларынын талаачылык жумуштарына кызмат көрсөтүүсү боюнча тарифтерин жана малчылардын мал жандыктарды багуу акыларын бекитүү жөнүндө

2024-жылдын март айында Каркыра айыл аймагынын айылдарында жазгы талаачылык жумуштарына даярдыктар жана мал чарбачылыгы боюнча болуп өткөн жыйындарынын протоколдорун карап чыгып Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл чарба техникаларынын талаачылык жумуштарына кызмат көрсөтүүсү боюнча тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин;
   Айдоо - 1500 сом 1 га, 25 л солярка
   Тырмоо - 300 сом 1 га, 10 л солярка
   Себүү - 500 сом 1 га, 10 л солярка
   Дискалоо - 600 сом 1 га, 15 л солярка
   Комбайн - 1500 сом 1 га, 20 л сорлярка
   Германка -1000 сом 1 га, 10 л солярка
   Косилка – 700 сом 1 га, 10 л солярка
   Чөп тырмак - 300 сом 1 га, 7 л солярка
   Пресс подборщик (жиби ичинде) – 10 л солярка, 1-түк/12 сом
   Пресс подборщик (жиби жок) – 10 л солярка, 1-түк/10 сом
   Копалка 4000 сом 1 га, 20 л солярка
2. Малчылардын мал жандыктарды багуу акылары төмөндөгүдөй бекитилсин:
   Бодо малга - ар бир башына 500 сом
   Кой, эчки - ар бир башына 100 сом
   Бада - ар бир башына 500 сом
3. Каркыра айыл аймагы боюнча 2024-жылдын 15-апрелинен баштап мал жандыктардын айдоо аянттарына киргизилүүсү токтотулсун.
4. Каркыра айыл аймагы боюнча 2024-жылдын 1-10 майынан кечиктирилбестен малчыларды жайлоолорго көчүрүү ишке ашырылсын жана 2024-жылдын 21-сентябрдан тартып малчылардын жайлоолордон көчүп келүүсү белгиленсин.

5.Айылдарда мингич ат, саан уй жана музоолор кала тургандыгы эске алынсын.

6.КР Бузуулар боюнча кодексине ылайык төмөндөгүлөргө айып салуу Каркыра айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин:

- белгиленген мөөнөттөн кеч көчкөн жана эрте көчүп келген малчыларга;
- айдоо аянттарына зыян келтирген мал жандыктардын ээлерине;
- айыл тургундары тарабынан алыскы чөп чабынды жерлер 2024-жылдын 1-августунан эрте чабылса.

7.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Каркыра айыл өкмөтүнө жана көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Б.Мукаев**